Көзүңдөн сенин

Сөзү,обону: Мирланбек Давлатов
Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

Көзүңдөн билем сенин ойлоруңду,
Сен мени сезбөөчүдөй ойлодуңбу.
Суроолу карай берем сыр алдырып,
Кыраакы сергек кылып койбодуңбу.

Сщйгөнүм сщйгөнүм сенин көздөрүң,
Сездирет күлмүңдөп мени күткөнүң.

Балбылдап көздөрүң көздөрүң тым-тым
Асмандагы жылдыздай жанып турат жым-жым

Көзүңдөн көрүп турам күткөнүңдү,
Мен үчүн жүрөгүңө бүккөнщңдү.
Кылчактап менден алыс кете албайсың,
Мен үчүн жүрөгүңө бүккөнүңдү.

Кайырма:

Көзүңдөн жалын чачып карабачы,
Жүрөккө канжар кылып кадабачы.
Мойнума сыйыртмак болуп салынгансыйт,
Жарымдын жоон өрүлгөн кара чачы.

Кайырма:

2002-жыл